Эльзар Тиленбаев - "Асыл жансын апакем"

созу : Анарбек Абдиев

обону : Зарлык Камбаралиев

Жашоо-турмуш соктурса да ызгаарын

Энчилєдиң өмүрүңдүн жылдарын

Мээримиңе таазим кылам, апаке

Арнап койгон ал күчүнүн бүт баарын

Кайырма :

Асыл жансың, даанышмансың, сулуусуң

Жарыгысың, бүт дүйнөмдүн нурусуң

Энекебай, мага кымбат баарынан

Маңдайымда аман-эсен турушуң

Тар жолдордо канча ирет аксадың

Таштабадың, жээрибедиң, качпадың

Айтып турат тартканыңды көп түйшүк

Апакебай, бубак баскан чачтарың

Жылдар учат кылчайбастан жулунуп

Кылыч мезгил өз кынынан суурулуп

Капалантат баратканы колуңдун

Айласыздан карылыкка сунулуп